***Т. Садыков**, проф.,*
***Б. Кахвежи**,*
К.Карасаев атындагы БГУ

АНАДОЛУ АЙТЫМДАРЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫНДА ОГУЗ ТАЙПАЛАРЫНЫН КАТЫШЫ

Айтым – бир тил же диалектинин алкагында белгилүү бир аймакты байыр туткан жергиликтүү элдин кебиндеги фонетикалык, морфологиялык, лексикалык жана синтаксистик өзгөчөлүктөрүн камтыган жүйө. Айтымдын калыптанышында географиялык, социалдык, билим, экономикалык, көчмөндүк, тарыхый жана этномаданий факторлордун орду олуттуу. Түркияда Анадолу айтымдарына арналган изилдөөлөр барчылык. Алардын алгачкылары XX кылымдын 2-жарымынан башталганы белгилүү.

Адабий тил – оозеки айтымдын туундусу. Ал убакыттын өтүшү менен өзүнүн нормасын калыптантып, оозеки тилден айырмаланып турат. Негизи өзгөрүүгө учураган жазуу тил эмес, оозеки кеп. Өлкөнүн башкаруу, соода, саясий, адабий, илимий жана маданий борбору болгон шаар же аймактын оозеки тили башка аймактарга жайылуу аркылуу көпчүлүктүн орток тилине айланат. Орток тил абалына келген оозеки тил көрөңгөнү башка айтымдардан алып, ал аркылуу орток тил байып турат. Анадолу айдымдары мындай макамдагы орток тил түрк адабий тилинин баалуу булагы деп табылат. Анадолу айтымдарынын сөздүк курамы, тыбыштык түзүлүшү жана грамматикалык системасы боюнча бир катар изилдөөлөр жүргүзүлүп келегени маалым [Korkmaz 2004: 82]. Макалада Анадолу айтымдарынын калыптанышына огуз тайпаларынын катышы тууралуу учкай сөз болот..

Белгилүү болгондой, Анадолу XI кылымдан XIV кылымга чейин уланып келген көчмөндөр жапырыгынан кийин огуз өлкөсү абалына келген. Огуздар менен катар башка түрк тайпалары да бул чөлкөмгө журт которгону анык. Муну тарыхый булактар, оозеки чыгармалар жана жер аттары ачык тастыктайт. Анадолуда огуздан башка түрк тайпаларына тиешелүү тилдик өзгөчөлүктөр өзүнүн баштапкы калыбында сакталганы менен кызык. Бүгүнкү күндө Анадолу айтымдарында анда санда көзгө илинген *n- у (bubay/buban, gendüy/kendin), g-v (dav/dağ, yalavuz/yalnız, govül/gönül), y-c (cılkı/yılkı, cırla/yırla-)* сыяктуу кыпчакча тил өзгөчөлүктөрү кезегинде бул аймакка кыпчак элементтеринин келип киргенине ачык далил. Чындыгында Түндүк Анадолудагы Бартын жана анын айланасындагы айтымдар огузча менен кыпчакчанын жуурулушуна жакшы мисал боло алат. Анадолу аймагында огуздан башка түрк тайпаларына тиешелүү аймактарда жалпысынан тилине көз каранды болгон айтымдарга тиешелүү өзгөчөлүктөр сакталып келет [Korkmaz 1995: 179].

Огуз өлкөсү катары Анадолуда түрк тилинин калыптанышында огуз тайпаларынын катышы өтө олуттуу болгон. Ушундан улам түрк тилинин жазма жана оозеки нормалары огуз негизине таянат. Бирок огуздар да өз ара жиктелип, 24 чакан тайпага бөлүнгөн. Анадолуга журт которгон огуз тайпаларынын бир бөлүгү *боз-ок,* дагы бир бөлүгү *үч-ок* болгон. Бул болсо Анадолу айтымдарынын калыптанышына олуттуу таасир эткени анык. Анткени огуздар узакка созулган көчмөндөр маданиятын баштан кечиргендиктен агездерде стандарт-нормасы бир тил эмес, 24 тайпаны тейлеген, ошол эле маалда фонетикалык жана морфологиялык жактан жалпылык-айырмачылыктары болгон оозеки тилди колдонушкан [Korkmaz 1995: 180].

Узакка созулган көчмөнчүлүк турмушу менен Анадолунун түрктөшүүсүн ишке ашырган огуз тайпалары ортосундагы айтым өзгөчүлүктөрү Анадолуга журт которгон тайпалар туруктуу бир жерге жайгашпагандыктан жана селжуктуктардан берки Анадолунун түзүлүшүндө тарыхый жана социалдык өзгөрүүлөргө байланыштуу этникалык жиктелүүдөн пайда болгон. Айрыкча 300 жылдык мезгил ичинде топ-топ болуп көчүп келген огуз тайпаларынын отурукташуусу Анадолуда олуттуу этникалык өзгөрүүлөргө алып келген. Көчүп келгендердин бир бөлүгү Орто Азиядагы көндүм болгон жашоо-турмунун Анадолуда да уланта беришсе, дагы бир бөлүгү болгон огуз тайпалары көчмөнчүлүк жашоосун улантышкан. Анадолу Селжук императорунун бөлүнүшүнөн кийинки кылымдарда өзүн көрсөткөн түрдүү тарыхый окуяларга себеп болгон абалдар, ички кыймылдар, мамлекеттин XVIII кылымдагы отурукташтыруу саясаты жана оозеки тилинде убакыт ичинде ортого чыккан өзгөрүүлөр, Анадолу ичиндеги баштапкы болгон этникалык өзгөрүүлөргө да таасирин тийгизген, түрдүү этникалык белгилерди бир-бирине алмаштырган жана бүгүнкү Анадолу айтымдарын калыпташуусунда экинчи бир маанилүү ролду ойнойт. Бүгүн бир эле чөлкөмгө тиешелүү аймак жана айылдар ортосундагы оозеки кептеги айырмачылыктардын болушу жогоруда айтылган аралашуунун натыйжасы деп табылат. Анадолудагы Огуз тайпаларынын кыйла убакыттан кийин өз уруу аттарын унутта калтырышы XV кылымдан кийин Анадолудагы жашоо шарттарынан улам өздөрүн *йерли реая, йөрүк* же *түркмөн* деп жалпы аттар менен аталышына алып келген [Korkmaz 1995: 180].

Анадолу айтымдарынын калыптанышына олуттуу роль ойногон негизги тайпалар төмөнкүлөр: *кайы, кыйык, авшар, салур, чепни, байындыр, байат, алайунтлу* жана *эймир* тайпалары. Булардын ичинен биз *кынык, авшар* жана *салур* тайпаларынын гана жердешкен жерлерине кыскача токтолмокчубуз.

Кыныктар. Селжук өкүмдарлар бүлөсүн чыгарган тайпа. Анадолунун эбегейсиз кең мейкинине жайылган. Алар төмөнкүлөр: Түштүк Анадолунун Жейхан жана Османие аймактары, Малатянын Арапкир жана Адыяман аймактары; Афион-Динар, Сандыклы, Ыспарта, Бурдур, Измир-Кынык, Бергама, Тире, Маниса-Алашехир, Демиржи, Гөрдеш, Күтахя-Симав, Балыкесир, Денизли-Чиврил ортосундагы жерлер. Анадолуда XVI кылымда Кынык деген жер аттарынан жана булардын бүгүн Анадолуда дагы эле уланып келе жатканынан кыныктардын Анкара, Сывас, Коня, Чанкыры, Болу, Мараш аймактарында жайылганын билүүгө болот. Кынык тайпасы жайылган аймактарда ар кандай өлчөмдө башка огуз тайпалары да жайгашкандыктан анда санда аларга тиешелүү өзгөчөлүктөр башка тайпалардан келген өзгөчөлүктөр менен аралашып жергиликтүү айтым аймактарынын калыпташтырганын көрөбүз [Korkmaz 1995: 182].

Авшарлар. Анадолуга журт которгондон баштап Карс, Мараш, Антеп, Козан, Адана-Чукурова, Орто Анадолуда Караман, Сивас-Дивриги, Кангал, Сушехри, Анкара-Хаймана, Бала, Болу, Кайсери-Пынарбашы, Кастамону, Маниса-Демиржи, Күтахя, Ушак, Айдын-Боздоган-Сөке-Бирги, Мугла-Милас аймактарында жашап келишет. Бүгүн Анадолуда кайылардан кийин экинчи орунда турган жана 86 жер атын калтырган огуз тайпасы болуп эсептелет. Анадолунун түрдүү аймактарында түркмөндөр жана йөрүктөр арасында жайылган авшарлар өз ара режепли авшары, иманлы авшары, көпекли авшары, дулкадырлы авшары, бедил авшары, казыклы авшары жана кара гүндүзлү авшары сыяктуу өзгөчө бир топ аттарда аталган. Жогорудагы аймактарда Авшар тайпасынын тилдик өзгөчөлүктөрү жыш учурайт [Korkmaz 1995: 183].

Салурлар. Анадолуга журт которгон көпчүлүк огуз тайпаларынын бири. Андалолуда калтырган жер аттарына караганда 24 огуз тайпасынын ичинен 7-орунда турат. Алардын чакан топтору Анадолунун Тарсус, Карс-Кадирли, Кочхисар, Коня-К.Ереглиси, Сахра, Нигде-Карахисар илчеси, Невшехир-Үргүп, Аксарай-Ейүпили, Амася гүнейи, Сивас, Чанкыры, Чорум, Маниса-Акхисар-Гедиз-Гөрдес айланасында отурукташкан [Korkmaz 1995: 185].

Ошентип, Анадолу айтымдарынын бөлүнүшүнө келсек, бул маселе боюнча 1940-жылдан атайын изилдөөлөр жүргүзүлө баштайт. Анадолу айтымдарын түгөл же жарым-жартылай камтыган диалектологиялык иштер, талдап териштирүүлөр жана салыштыруулар ишке ашырылган. Мындай иликтөөлөрдүн басым көпчүлүгү жогорку окуу жайларда даярдалган жана жарыяланбаган диссертациялык иштер болуп саналат. Бул багытта азыркыга чейин диалектологиялык атлас жасоого жана Анадолу айтымдарын жиктөөгө зарыл жана жетиштүү маалымат жокко эсе. Буга карабастан колдогу бар маалыматтар аркылуу айтымдардын таралуу чөлкөмүн аныктоого багытталган аракеттер жасалган. Бул багыттагы алгачкы тажрыйба И.Кунос-ко таандык. Ал 1896-жылы Анадолу айтымдарынын алгачкы классификациясын жасаган экен.

Дагы бир классификация Анадолу диалектологиясын көп томдук эмгектери менен байыткан Ахмет Жафероглу тарабынан жасалган. Ал Анадолу жана Румели айтымдарынын жалпы өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аларды төмөнкүдөй алты топко бөлүп караган:

1. Түштүк-батыш айтымдары (Бандырмадан Анталя аймагына чейин),
2. Орто Анадолу айтымдары (Афйондон Элазыг, Эрзурумга чейин),
3. Чыгыш Анадолу айтымдары (Элазыг, Эрзурумдан чыгышка чейин),
4. Түндүк-чыгыш айтымдары (Самсундан Ризеге чейин),
5. Түштүк-чыгыш айтымдары (Газиантеп, Адана, Анталя, айланасы),
6. Кастамону [Caferoplu 1984].

Түнжер Гүленсой, Өзжан Башкан, Милан Адамович, Пиет Крал, Тоору Хаяши (Анадолу айтымдарынын таралыш арелдары боюнча алгы илик), Тахсин Бангуоглунун классификациясы өңдүү эмгектер барчылык. Айрыкча көңүл бура турган эмгектердин бири - Ахмет Б. Эржиласундун “Чыгыш Анадолу айтымдарынын классификациясы” аттуу макаласы. Маниса, Измир, Денизли, Айдын Мугла,Афион жана Күтахянын кээ бир аймактарын камтыган кең аймактын диалектологиялык түзүлүшүн изилдеген Зейнеп Коркмаз фонетикалык жана морфологиялык айырмачылыктарды жетекчиликке алуу менен Түштүк-батыш Анадолу айтымын төмөнкүдөй төрт топко бөлүп карайт:

1. Маниса айтымдары. Измирди жана айрым өзгөчөлүктөрүнө карай Ушакты да ичине камтыйт;
2. Динар айтымы. Ушак жана Чиврилди ичине камтыган бул айтым Орто жана Батыш Анадолу айтымдарынын ортосундагы байланышты бекемдеп турат. Кээ бир өзгөчөлүктөрүнө карай Айдын Денизли тобуна кирет;
3. Айдын-Денизли айтымы;
4. Мугла айтымы.

Эмгекте бул айтымдар ортосундагы өзгөчөлүктөргө олуттуу орун берилген. Айрыкча Тургут Гүнай, Ризе чөлкөмүн 5 айтым аймагына, Тургут Ажар Артвин чөлкөмүн 4 айтымга бөлсө, Ахмет Б. Эржиласун Карс чөлкөмүн Карс жергиликтүү айтымы, Ардахан-Пософ айтымы, Ханак түркмөндер айтымы, Карс азерилер айтымы жана Карс Терекемелери айтымы деп 5 топко бөлгөн [Karahan 1996: IX-XV].

Түрк тилинин Анадолу айтымдары жалпысынан төмөнкүдөй үч топко бөлүнөт: *чыгыш тобу, түндүк-чыгыш тобу жана батыш тобу*. Булардын ичинен өзгөчө Карадениз, түштүк-чыгыш жана Эгей аймактарынын оозеки кебинде айырмачылыктар барчылык. Бирок азыркы учурда билим берүү, басма сөз, радио-теле-интернет каражаттарынын жана адабий нормасынын таасири менен бул айырматардагы жергиликтүү айтым өзгөчөлүктөрү акырындык менен жоголуп баруудa.

Ошентип, Анадолу айтымдарынын калыптанышында огуз тайпалары олуттуу роль ойногон. Бул тайпалардын аймактарында огуз элементтеринин таасири басым экени талашсыз. Ошол эле маалда Анадолу айтымдарында кыпчак, карлук ж.б. элементтердин бар экендигин да танууга болбойт. Негизи Анадолу айтымдары менен Орто Азия айтымдарын салыштырып изилдөө түрк диалектологиясынын өзөк маселеси экенин баса белгилей кемекчибиз.

Адабияттар

1. Caferoğlu, Ahmet. Türk Dili Tarihi I. II, 3. Baskı, İstanbul-1984.
2. Karahan, Leyla. Anadolu Ağızlarının Sınıflandırılması, Türk Dili Kurumu Yayınları: 630, Ankara- 1996.
3. Korkmaz, Zeynep Armağanı, Atatürk Dil ve Tarih Yüksek Kurumu Yayınları:853, Ankara-2004.
4. Korkmaz, Zeynep Türk Dili Üzerine Araştırmalar, Türk Dil Kurumu Yayınları II.Cilt, Ankara- 1995.